Зылканова Ж.Н. –
Баткен облусунун Лейлек районунун
Наркозу Батыров атындагы орто мектебинин
тарых, Адам жана коом мугалими

Бекитемин:_______ « » ____________ 202 -ж 5- класс

О.Б.Б: ________________________________

Предмет: Адам жана коом

Сабактын тиби: *жаны теманы өздөштүрүү*

Сабактын формасы: *акыл чабуулу, класстер, топто иштөө, жекече иштөө*


Предмет аралык байланыш: ______________________________________________________

**Сабактын темасы: Балдардын укук бузуулары**

| Сабактын максаты | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк:** Окуучуларды адам укугунун негизги жоболору, балдардын укугу боюнча эл аралык жана мамлекеттик документтер менен тааныштат | 1) Окуучуларды адам укугунун негизги жоболору, балдардын укугу боюнча эл аралык жана мамлекеттик документтер менен тааныштыгы болсо |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** Өзүнө жана башкаларга болгон урматтоого негизделген принциптер жана өзүндү-өзүн урматтоонун сырткы элементтери боюнча түшүнүк берүү; | 2) Өзүнө жана башкаларга болгон урматтоого негизделген принциптер жана өзүндү- өзүн урматтоонун сырткы элементтери боюнча түшүнсө |
| **Тарбиялык:**<br>Адамдагы жакшы сапаттарга ээ болууга, эли-жерин сүйүүгө тарбияланышат. | 3) укугун билуу менен дүйнөгө болгон көз карашы боюнча адилеттүүлүккө, гумандуулукка , патриоттуулукка тарбияланышат |

| Негизги компетенттүүлүктөр: | ***Предметтик компетенттүүлүктөр*** |
|---|---|
| **Маалыматтык:** *социалдык чөйрө менен өз ара аракеттенүүнүн түрдүү инструменттерин пайдалануу жөндөмдүүлүгү.*<br>**Социалдык-коммуникациялык :**<br>- *Башка адамдар менен натыйжалуу мамилелерди түзүү:*<br>- *өзүн башка адамдын ордуна коё билүү жана кыраалды анын көз карашынан көрө билүү*<br>- *өзүнүн идеяларын айта билүү жана башка адамдардын идеяларын уга билүү;*<br>**Өз ишин уюштуруу жана маселелерди чечүү компетенттүүлүгү**: *адамдын өз турмушун башкара алуу жана өз алдынча аракеттене алуу* | **Жарандык-укуктук:** *адамдын, жарандын жана баланын укуктары тууралуу билимдерин укук бузуунун алдына алууда колдоно алуу жөндөмдүүлүгү*<br><br>**Коомдук-саясий, экономикалык:** *өзүнүн жүрүм-турумуна жоопкерчиликтүү болуу, иш-аракетин коомдо кабыл алынган эрежелерге жана ченемдерге ылайык уюштуруу, укуктун жана моралдык позициялардан келип чыгып чечимдерди кабыл алуу*<br><br>**Социалдык-коммуникативдүү:** *өз көз* |

| | |
|---|---|
| *жөндөмдүүлүгүн,өзүнүн иш-аракеттеринин түз жана кыйыр натыйжаларын болжолдоо* | *караштарын цивилизациялуу оозеки жана жазуу түрүндө билдирүү жана коргой алуу, маалыматка сын көз караш менен ой жүгүртүү жана командада иштөө жөндөмдүүлүгү* |

| Сабактын мазмуну | ресурстар | | баалоо | компетент түүлүк | |
|---|---|---|---|---|---|
| | усулдар | каражаттар | | | |
| Уюштуруу: Саламдашуу. Окуучуларды журнал боюнча толуктоо.<br>Окуучулардын китептерин, окуу куралдарын, класстын тазалыгын көзөмөлдөө.<br>Жагымдуу маанай түзүү | **Мээ чабуулу** | **китеп** | | Нк1<br>Нк2 | Пк1<br>Пк2<br>Пк3 |
| а) үй тапшырмасын текшерүү:<br>б) өтүлгөн теманы кайталоо: анын жаңы тема менен байланышы | **Китеби** | **Ватман маркер** | | Нк3 | |
| **Жаңы теманы түшүндүрүү:**<br>**Укук бузуу** – укуктун кандайдыр бир ченемдерин бузган жосун. Төмөндөгүчө бөлүнөт: жарандык (инсанга, жарандын же уюмдун мүлкүнө зыян келтирүү), административдик (м.: жолдо жүрүү эрежелерин бузуу), дисциплинардык тартип бузуу (ишке келбей коюу). Кылмыш жасоо бир кыйла кооптуу түрү болуп саналат. У. б. үчүн тийиштүүлүгүнө жараша мыйзамда жарандык, административдик, дисциплинардык жана кылмыш-жаза жоопкерчиликтери каралган.<br>Жорук-проступок – жоопкерчилик тагылган жеке же юридикалык жактардын укук бузуулары менен күнөөлөрү (атайылап же байкабастыктан улам жасалган). Жоруктун 3 түрү бөлүп көрсөтүлөт: админстративдик, жарандык-укуктук жана тартиптик<br><br> | Мээге чабуул<br>ангемелешүү<br>Окуу китеби<br>Кезектшип бири бирин окутуу<br>Кайтарым байланыш | Акыл чабуулу<br>Оозеки<br>**№1 тиркеме**<br>Көрсөт -мөлүү | Диагностикалы<br>Формативдик Суммативдик | Нк1<br>Нк2<br>Нк3 | Пк1<br>Пк2<br>Пк3 |
| **Бышыктоо:** мугалим доскага сүрөттүү суроо илет<br>Бир окуучу сүйлөмдү окуйт, экинчи жооп берет жана экөө тең катардын акыркы тарабына турушат.<br>Мугалим бардыгы өздөрүнүн ролдорун аткарып бүтмөйүнчө, ошентип көнүгүүнүн ар бир кадамын аткарат. | Топтордо иштөө<br>Жекече иштөө | | **Суммативдик** | **Нк2**<br>**Нк3** | Пк 1<br>Пк 2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жыйынтыктоо:**<br>1. Кайсы суроолор кызыктуу болду?<br>2. Өзүңөрдүнберген жообуңарга канааттандыңарбы, эмне үчүн? | **Жекече иштөө** | **№2 тиркеме** | | **Нк1** | Пк 1 |
| **Үй тапшырма: У**кук бузуу темасына эссе жазып келүү | | | | | |